**«Бекитемин»**
**ОшМУнун ректору,**
**профессор  К.Г. Кожобеков**
**___________________**
**«____»_________ 2024-жыл**

# ОшМУнун  85 жылдыгына карата “АЛТЫН ҮН” вокалдык конкурсунун

# ЖОБОСУ

**Ош-2024**

**МАКУЛДАШУУ БАРАКЧАСЫ**

| **Аталышы** | **Структуралык бөлүм** | **Жооптуу адамдын аты-жөнү** | **Жооптуу адамдын колу, кол коюлган күнү** |
|---|---|---|---|
| Макулдашуу | ОшМУнун ректору, профессор | К.Г.Кожобеков | ______________ (колу)<br>“__” ____________ 2024-ж |
| | коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректору | Н.А.Мапаева | ______________ (колу)<br>“__” ____________ 2024-ж |
| Каттоо | ОшМУнун Р.Абдыкадыров атындагы маданий-эстетикалык борборунун директору | Д.А.Ыразаков | ______________ (колу)<br>“__” ____________ 2024-ж |

**ОшМУнун 85 жылдыгына карата “АЛТЫН ҮН” вокалдык конкурсунун**

**ЖОБОСУ**

**I. Сынактын максаты жана милдеттери:**

- Студенттерге моралдык дем берүү жана эстетикалык табитин арттыруу;
- Студенттердин сергек жана активдүү жашоо образын чагылдыруу;
- Таланттуу студенттерди табуу жана аларды коомчулукка даңазалоо;
- ЖОЖдордун өз ара ынтымагын, достугун арттыруу жана бекемдөө;
- Жогорку окуу жайлардан мыкты, таланттуу студенттерди тандап алуу;

**II. Сынактын катышуучулары:** (катышуучуларга коюлуучу талаптар)

- Сынакка таланттуу, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү бар студенттер ЖОЖдордун жана музыкалык окуу жайлардын жетекчилеринин сунушу менен катышышат;
- Жогорку окуу жайлардын жана кичи музыкалык окуу жайлардын жетекчилери сынакка өз түзүмдөрүнөн таланттуу студенттерди аталган сынакка катыштырууга милдеттүү;

**III. Сынакты өткөрүүнүн тартиби:**

- Ар бир окуу жай өз ара вокалдык конкурс өткөрүп, 1-орунду алган катышуучуну ОшМУнун **“АЛТЫН ҮН”** конкурсуна жөнөтөт;
- Каттоо уюштуруу тобу тарабынан жүргүзүлөт;
- Сынак финалдык баскыч болгондуктан 1 (бир) турдан турат;
- Сынакка катышкан студенттер каалаган тилде каалаган жанрда ырдай алышат;
- Сынак массалык маалымат каражаттары тарабынан коомчулукка чагылдырылат;
- Баалуу белектер , номинациялар, акчалай сыйлыктар уюштуруу тобу тарабынан даярдалат;

**IV. Жогорку окуу жайлардын жана музыкалык окуу жайлардын жетекчилери, жаштар кеңешинин төрагаларынын милдеттери;**

- Сынак боюнча студенттерге маалымат жеткирүү;
- Сынакка катышуучу ар бир жогорку окуу жайлардын жана кичи музыкалык окуу жайлардын эң мыкты таланттуу студенттерге тандоо өткөрүп, тандап алуу жана аларга сынактын шарттары, өтүү тартиби менен тааныштыруу;
- Сынакка катышкан студенттерге жакындан жардам берүү жана колдоо көрсөтүү;

- Кароо-сынакты уюштурууда конкурсанттарга жана уюштуруу топко көмөк көрсөтүү;

**V. Сынакты өткөрүүнүн тартиби:**

**ЭСКЕРТҮҮ:**

- Сынак учурунда атаандаштардын дарегине окуу жайларына шек келтирбөө;
- Катышуучулардын сынакта алган упайлары бирдей (талаш учур) болуп калган учурда, калыстар тобунун мүчөлөрү добуш берүү жолу менен орундарды аныкташат;
- Ар бир турга берилген убакыттан ашпоо керек, убакыт 5 (беш) мүнөт;

**II. Уюштуруу тобунун милдеттери жана укуктары:**

- Иш-чараны сынактын жадыбалы боюнча уюштуруу;
- Калыстар тобунун курамын бекитүү;
- Сынактын шарттарына кайдыгер караган жана тиешелүү талаптарды канааттандырбаган катышуучуларды четтетүү;
- Зарыл учурда сынактын жобосуна өзгөртүүлөрдү киргизүү;

**III. Калыстар тобу:**

- Калыстар уюштуруу тобу тарабынан аныкталат;
- Калыстар тобунун мүчөлүгүнө профессионалдуу адистер, КРдин эл артистери жана маданият тармагындагы белгилүү инсандар чакырылат;
- Калыстар тобунун чечими талкууга алынбайт жана өзгөрүлбөйт;

**IV. Ыйгарылуучу номинациялар:**

- “АЛТЫН ҮН” кароо-сынагы 1-орун, 30 000 сом (отуз миң сом)
- “АЛТЫН ҮН” кароо-сынагы 2-орун, 20 000 сом (жыйырма миң сом)
- “АЛТЫН ҮН” кароо-сынагы 3-орун, 10 000 сом (он миң сом)
- “АЛТЫН ҮН” кароо-сынагына активдүү катышкандыгы үчүн калган катышуучуларга белектер, дипломдор ыйгарылат.

**V. Сынактын өткөрүлүүчү орду жана убактысы:**

ОшМУнун башкы имараты, ЧАЗ, 2024-жылдын 25-апрелинде өткөрүлөт.

**Байланыш үчүн телефон номер: 0552322002**

**WhatsApp, номер: 0702929204**